2005-1124

Ведомстволор аралык диссертациялык
совет Д.10.05.269

Кол жазма укугунда
УДК 894.341-1( 043.3)

**Жумакадырова Карлыгач Мамбетжумаевна**

# Сооронбай Жусуевдин поэтикалык изденүүлөрү

Адистиги: 10.01.01.-Кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип
алуу үчүн жазылган диссертациянын
**а в т о р е ф е р а т ы**

БИШКЕК-2005

Дисссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунда аткарылды

**Илимий жетекчи:** Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор **А.А.Акматалиев**

**Официалдуу оппоненттер**: Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор **А.Садыков**
филология илимдеринин кандидаты **К.Абакиров**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысыккөл мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасы

Диссертациялык иш 2005-жылдын «2» июнда саат «15⁰⁰» Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине (тең уюштуруучу Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору) караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын ыйгаруучу Д.10.05.269 Ведомстволор аралык диссертациялык советтин жыйынында корголот.

Дареги: 720071, Бишкек шаары,Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2005-жылдын «29» «апрелде» жөнөтүлдү

Диссертациялык советтин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты Н.Б.Омурзакова



# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ.

50-60-жылдары адабиятка кирген акын-жазуучулардын көпчүлүгү улуттук адабиятыбыздын өнүгүшүнө зор салым кошкон. Алардын бири -Кыргыз эл акыны С.Жусуевди кыргыз поэзиясындагы жалпыга таанымал сөз чебери десек жаңылышпайбыз. Анын басып өткөн чыгармачылык жолу узак жана үзүрлүү, көркөм табылгаларга бай. Акындын поэзиясын изилдөө аркылуу улуттук поэзиянын өсүп-өнүгүү тенденцияларын аныктоого көмөк берилет.

**Теманын актуалдуулугу.** С.Жусуев-кыргыз поэзиясына өзүнүн идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү менен кирип, замандын проблемасын көтөрүп, поэзияга зор салым кошуп келаткан акын. Анын поэзияга сиңирген эмгегине К.Артыкбаев, С.Жигитов, А.Садыков, Ж.Шериев, А.Эркебаев, К.Даутов, А.Акматалиев жана башкалар кайрылышкан. Ошентсе да акындын лирикалары менен эпикалык чыгармалары системалуу түрдө изилденген эмес жана акындын поэзиясын толук жана кеңири чагылдырган эмгектер жазыла элек. Тагыраак айтканда, жетимишинчи жылдардан тартып бүгүнкү күнгө чейинки чыгармаларына атайын илимий жактан кайрылуу зарылчылыгы туулат. Ар бир акын-жазуучуну изилдөө аркылуу жалпы адабиятыбыздын өсүш жолу аныкталат эмеспи.

**Изилдөөнүн максаттары жана милдеттери:** Кыргыз поэзиясынын өнүгүү жолунда С.Жусуевдин чыгармаларынын кошкон салымын жана адабияттагы ордун белгилөө изилдөөнүн негизги максаты катары каралат.

Диссертациялык ишибизде төмөнкүдөй милдеттер коюлду:
- С.Жусуевдин поэтикалык дүйнөсүн ачып берүү;
- акындын лирикалык жана эпикалык поэзиясына мүнөздүү айрым идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү;
- С.Жусуевдин чыгармачылыгындагы эволюциялык өсүштү белгилөө;
- башка акындардан болгон көркөмдүк, стилдик, тематикалык жана башка өзгөчөлүгүн белгилөө;
- кыргыз поэзиясында акындын алган ордун аныктоо;

**Изилдөөнүн объектиси** болуп акындын элүү жыл (1950-2000-жыл) ичинде жарык көргөн ондогон жыйнактарынан орун алган лирикалары жана эпикалык поэмалары эсептелет. Ал эми «Курманжан датка» деген ыр менен жазылган романы өз алдынча изилдөөнү талап кылат. Ишти жазууда сынчы, адабиячылар К.Артыкбаев, К.Асаналиев, Т.Аскаров, А.Садыков, С.Жигитов, К.Даутов, А.Эркебаев, С.Байгазиев, А.Акматалиев, Л.Үкүбаева, А.Мусаев сыяктуу авторлордун эмгектери жана адабий изилдөөлөрү **методологиялык негиз** катары кызмат өтөдү.

**Иштин жаңылыгы.** С.Жусуевдин ысмы жалпы журтубузга белгилүү болгону менен элүү жылдан ашуун чыгармачылык изденүүдө жүргөн акындын поэтикалык дүйнөсү илимдин объектисине алгач ирээт алынып, диссертациялык планда биринчи жолу каралып отурат. Акындын чыгармалары системалуу изилденип, конкреттүү адабий талдоолордон өткөрүлдү. С.Жусуевдин поэзиясына мүнөздүү идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү ар тараптан каралды. Акындын өзүнө таандык көркөм табылгасы, стили, почерки белгиленип, улуттук поэзияга кошкон салымын аныктоо аракети жасалды.

Акындын өмүр баяны жана чыгармачылыгы жаңы маалыматтар, жаңы материалдар менен толукталгандыгын көрсөтөт. С.Жусуев чебер акын катары анын поэзиясындагы идеялык-тематикалык көп кырдуулук, образдуу ой жүгүртүүдөгү оригиналдуулугу, терең психологизми сыяктуу маселелер кеңири изилденди.

**Иштин практикалык мааниси.** С.Жусуевдин поэзиясы окурмандарды дайыма патриоттуулукка үндөп, кайраттуулукка чакырган тарбиялык саптары дайыма элдин көңүлүн бура алды. С.Жусуевдин чыгармачылыгы жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринде, республиканын мектептеринде окутулат. Ошондуктан, изилдөөнүн материалдары акындын лирикалык дүйнөсүн үйрөнүүдө, жалпы поэзиянын маселелерин кароодо илимпоз филологдорго, студенттерге, адабиятчы жана сынчыларга, жалпы эле адабият дүйнөсүнө кызыккан окурмандарга керектүү болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн апробациясы.**

Диссертациянын негизги мазмуну мезгилдүү басма сөздө жана илимий басылыштагы китептердеги макалаларда чагылдырылган. Мындан тышкары республикалык конференцияларда докладдар жасалган. Диссертациялык иш КРИУАнын Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун проблемалык жана окумуштуулар кеңештеринде талкууланып, коргоого сунуш кылынган.

**Диссертациянын структурасы** киришүүдөн, эки главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

**Изилдөөнүн мазмуну**

Киришүүдө С.Жусуевдин поэзиясынын изилдениш абалы, теманын актуалдуулугу, аны изилдөөнүн максаттары жана милдеттери, методологиялык негизи аныкталып, иштин жаңылыгы, практикалык мааниси белгиленет.

**Биринчи глава «С.Жусуевдин лирикасынын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрү»** деп аталып, граждандык, пейзаждык, философиялык, сүйүү лирикасы деген темаларга бөлүнүп изилдөө жүргүзүлдү.



С.Жусуев алгач поэзияга «Алдыга жүргүн, кыргыздар!» аттуу ыры менен кирип, алтымышынчы жылдардын башынан тартып кеңири тааныла баштаган.

С.Жусуевдин элүүнчү жылдары жараткан ырлары башка акындардыкынан өзгөчөлөнгөн эмес, себеби көпчүлүк ырлар даңктуу даталарга арналып, аларда эмгекчи адамдардын образдары жеткире иштетилбей калган. «Эмгек күүсү» деген ат менен 1950-жылы чыккан алгачкы жыйнагында көбүнчө супсак, курулай тизмектерден куралган ырлар орун алганын көрөбүз.

Тактап айтканда, аларда оригиналдуу акындык ой жетишсиз болуп, алар ошо кезде газета-журналдарда кайталанчу стереотиптүү түшүнүктөр менен фразалардын уйкаштырылып коюлган кайталамасы болгон. Анын үстүнө ал жыйнакта жалган пафос, карандай декларация, турмуштук көрүнүштөр жөнүндө жөн гана абстрактуу ой жүгүртүүлөр да үстөмдүк кылган. Кыркынчы-элүүнчү жылдарда жалпы эле совет поэзиясында эмгек адамдарынын лирикалык портретин түзүүгө айрыкча басым жасалып, бирок бул портреттерде жандуу, конкреттүү адам мүнөздөрүнө эмес, тескерисинче адистигине гана көңүл бурулуп, натыйжада сюжеттик стандарттар пайда болгон. Адабиятчылар белгилегендей, бул учурда поэзиянын мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө бир кыйла калпыс көз караштар өкүм сүрүп, ал айрыкча жаңыдан өсүп келе жаткан жаш акындардын өз алдынча ой жүгүртүүсүнө, изденүүсүнө, умтулуусуна кедерги болуп, аргасыздан даяр схемалар боюнча ой жүгүртүүгө жол берген. Мындай шартта ар кандай стилдик изденүүлөр формалисттик көрүнүш катары каралып, ошол себептен окшош чыгармалар жаралып, бир беткейликке алып барган. Мисалы, С.Жусуевдин алгачкы жыйнагындагы «Эмнеликтен сүйөмүн» ырында сөз каармандын сүйүүсү жөнүндө кетпестен жалпы мүнөздөгү декларативдүү, үстүртөн гана баяндоо болуп калган. Тактап айтканда, ички сезимди конкреттүү ачуунун ордуна, терең санаркоолорду берүүнүн ордуна кыздын эмгегин, эмгекке жасаган мамилесин берип ошол аркылуу гана сүйө тургандыгын билдирет. Мындай жол формализмге алып бараары шексиз. Албетте, эмгек темасы советтик адабияттын негизги темасы болгон. Бирок, бул теманы ыгы жок колдонуу анын баркын гана төмөндөтөөрү бышык. Айрыкча, махабат жөнүндөгү ырлардын мазмунун жардыланткан учурлар көп кездешкен. Бул жаш акын С.Жусуевдин ырларында да механикалык кайталанган мезгилдин, коомдун шартына ылайык көрүнүш болгонун эске алышыбыз керек. Ал эми биз кызуу сөз кылып жаткан акындын өзү бул суроого төмөндөгүдөй жооп берген: «...Ал убакта сүйүү ырларын да жалаң эле сүйүү жөнүндө жаздырбай, аны эмгекке байланыштырып жазууга мажбурлашчу акындарды. Китептин редакторунун ошондой талабы менен мен да бир ырымдын аягын:

«Сүйөм сени секетим, өзүң дагы сүйгөндүктөн эмгекти деп жазганым эсимде»[1] -деп чындыкты мойнуна алган.

Бул жыйнактагы акындын ийгиликтери «Тоодогу түн», «Тынчтык гүлүн коргойбуз», «Эсимде» ырларында көрүнөт. Буларда сүрөттөлүп жаткан предметке карата активдүү идеялык-эмоциялык мамиле жасагандыгы үчүн ырлары ишенимдүү, таасирлүү чыгып, поэзиянын талабына жооп бере алган.Акындын тил маданияты, ыр куруу чеберчилиги, терең философиялык маанини камтуудагы бийик дүйнө туюму, ыр дүйнөсүндөгү изденүүгө талыкпай жумшаган ариети ырларынан көрүнүп турат. Биз С.Жусуевдин ырларынан улуттук поэзиянын адам мүнөздөрүн терең ачуу, турмуш сырларын чечүүдө улам жаңы чектерге багыт алгандыгына күбө болобуз. Акын кандай гана турмуш көрүнүштөрү жөнүндө жазбасын, жөнөкөй нерседен чоң көркөм ой табат, өзүнчө оригиналдуу, идеялык-эстетикалык жалпылоолорду жасайт. Бул анын ой жүгүртүүсүнүн масштабдуулугунун артышын, сүрөттөгөн көрүнүшкө аналитикалык мамилесинин жыйынтыгын билдирет. Акындын чыгармачылыгындагы байкаларлык жылыш удаалаш чыккан «Өмүр жазы»(1955) жана «Сүйүү жана ишенич» (1956) жыйнактарынан башталган. Буларда индивидуалдуу стилине мүнөздүү белгилер аныктала баштаган. Акындык өсүшүн 1956-жылы чыккан «Сүйүү жана ишенич» ыр китебинен башталганын автор өзү да ырастайт. Бул жерде айта кетчү нерсе, алгачкы ырларында колундагы куралы менен гана эмес, сөзү менен да жеңишке умтулуу максатында ак пейилден жараткан ырлары бүгүнкү чоң акындын чыгармачылык шыгынын башталышы болгон жана өз учурунда татыктуу баасын алган. Ошентип «Өмүр жазы», «Сүйүү жана ишенич» китептеринен баштап, элүүнчү жылдардын орто ченинде С.Жусуев китеп окуучуларды өз чыгармачылыгынын келечегинен чоң үмүткөр кылды. Тактап айтканда, акындын анык жүзү, индивидуалдуу стили токтомдуу боло баштады. Бул китеп аркылуу чыгармачылык ишинде өз чыйыр жолун таап, адамдар жөнүндө философиялык ой толгоолорго толгон ырларын тартуулоо менен бирге өз почеркин таап, өзүнө гана тиешелүү стили байкала баштады. Мындан аркы китептеринде поэтикалык, стилдик өзгөчөлүк уламдан-улам жогорку деңгээлге көтөрүлүп анык жүзүн таанытты. Мисалга,«Дем берип турчу, Ала-Тоо» ырын карап көрөлү:

Алыска кетсем өзүңдөн,
Айрылгансыйм күчүмдөн.
Ак булут көрсөм тоого окшоп.
Аскалар кетпейт түшүмдөн.
Жүрөгүм тоодо экенин,

[1] Акындын бизге берген жоопторунан //Биздин өздүк архив.-К.Ж.



Жүргөндө түздө түшүнөм.[1]

Акындын бул ыры кургак фраза эмес, бул анын жүрөгүнөн сызылып чыккан саптары, бүткүл ой ишениминин поэтикалык формага келтирилиши. Мурдагы жыйнактарында көрүнө баштаган белгилер, тагыраак айтканда, поэтикалык ойду кандайдыр бир турмуштук факт же окуя аркылуу ачып берүү жана жекече чоң жалпылоолорго умтулуу сезиле баштады. Бул жыйнагындагы көпчүлүк ырлар ойду берүүнүн конкретүүлүгү жана сөзгө сараңдыгы менен айырмаланат.

«Музыкант иниме» ырында автор музыканттын колунан кыл кыягын сууруп кеткен согушка наалат айтат. Ыр антитеза формасында жазылган. Мында образдарды салыштыруу жолу менен келип, төмөнкүдөй чечим чыгарат.

Оштонуп сен өскөнгө кубангандыр,
Ошого мөлтүр жашы кулангандыр.
Же колдон кыл кыягын сууруп кеткен,
Согушту ичтен каргап муңайгандыр,...

Жеткире иштетилген бул саптар кандай көркөм, кандай элестүү берилген.

Айрыкча, эң акыркы сабында:

Салаасы сол колунун тыбырчылайт,
Салбырап колсуз калган оң жак жеңи-

деген укмуштай оор саптары менен ар бир окурмандын жүрөгүн оорута алат. Карт музыканттын мындай оор абалын берүүдө эки сап айрыкча кызмат кылат. Болгону төрт куплетке зор, салмактуу идея, чоң окуяны киргизген. Ушул эле жыйнактагы «Эмне үчүн көлдө сулуу көп?», «Дем берип турчу, Ала-Тоо», «Көз жөнүндө», «Келечекти ойлонуп» сыяктуу ырлары акындын чын көңүлүнөн жаралганы көрүнүп турат. Бул ырларга таандык белгилер ойдун кыска, конкреттүү жана таамай, поэтикалык татымы күчтүү, эч жасалмасыз жазылгандыгы жана образдуу берилип, окурманды түйшөлткөнү. Турмуштун түркүн катмарлуу сырын терең түшүнгөн сергек акындын кайсы гана чыгармасын окубайлы, айта турган ою так, даана берилип, ага жумшак лиризм мүнөздүү, ою ары мазмундуу, ары терең берилет. Тактап айтканда, С.Жусуевдин «Үмүт» жыйнагын анын чыгармачылыгындагы бурулуш этап катары карашат. Ал эми 1965-жылы чыккан «Акын жүрөгү», «Көңүл күүлөрү» жыйнагынан улам үмүт жетелеген чыгармачылык ийгиликтери андан ары улантылды. Булардан соң 1969-жылы чыккан «Түрмөк булуттар» жыйнагы акындын граждандык позициясын дагы бир жолу бекемдеди. Андагы ата-журт, анын кооз келбети, эмгекчил адамдар жөнүндөгү ырлар жетектөөчү тематикага айланат. Айрыкча

[1] Жусуев С. Үмүт.–Ф.:Кыргызмамбас.–1960.-7-6.

С.Жусуевдин чыгармачылыгындагы өзөктүү темалардын бири- согуш темасы. Бул проблемалуу теманы акын тарых фактысы катарында эле эмес, адам тагдыры жөнүндөгү жалпы адамзаттык проблема болгондуктан, адамзаттын келечегине тынчсызданып, эртеңки күнүн ойлоп кайрылат.

Профессор Р.Кыдырбаева белгилегендей, акындын согуш темасындагы чыгармалары курулай ретроспективдик кайрылуу эмес. Бул баарынан мурда согуш убагындагы элдин башына түшкөн оор кайгыны ыр аркылуу берүү, чындыкты жеткирүү.[1]

Улуу Ата Мекендик согуш башталганда С.Жусуев он алты жашта болуп, ошол убакта эле газетага кабар жазууну жакшы көрүп анчамынча ырларын жаратса, майданда жүргөндө "Алдыга жүргүн, кыргызадар!" ыры ок менен ойдун ортосунда жүргөндө жазылган. Бул ырдын жаралыш тарыхы айтпаса да түшүнүктүү. Өчүккөн душмандын өз билгенин жасап, бейкут элдин тынчын алганына аябай ичи ачышат. Фашисттерге С.Жусуевдин ашып-ташыган жек көрүүсү, ичтеги албуут сезими ырларында берилген. Бул ырдын идеясы кыргыз журтун сактоо, душманды киргизбөө туурасында.

Улуу Ата-Мекендик согуш темасы Сооронбай Жусуевдин көп китептери аркылуу лейтмотив болуп өтөт. Акындын сөзгө сарандыгын, ырларында да согушка каршы айгай салып кыйкырбаганын, тынчтыкты жактап чубалжыган тирадаларды айтпасын профессор С.Жигитов да белгилеп келип, "согуш" темасы акындын бүткүл чыгармачылыгынын жүлүнү сыяктуу сезилет"[2] -дейт. Акындын замандашы С.Эралиев болсо С.Жусуевдин "Тандалмаларына" (1975) жазган баш сөзүндө мындай деген: "Ал -кыргыз акындарынын Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки муунуна кирет. Дүйнөгө чоң коркунуч туудурган ошол согушка ал өзү да катышып келген. Демек, жаштыгын жаңы эле таап, дүйнө, турмуш менен эми бетме-бет келип,анын толкундарына бой уруп жөнөлөрүндө, согуш кесепет болуп, жаштыгына эң оболу курал карматып, аны каардуу сыноолордон өткөрүп, бышыктырып кайткан. Согуш темасы кийин анын каламына шык жана кубат берген негизги булактардын бири болуп калышы да ошол себептүү»[3]

Кыргыз эл акыны К.Маликов бекеринен:

«Сооронбайдын ырында,  
Жүзүмдөн таткан балы бар»

-деп белгилебесе керек.

[1] Кыдырбаева Р.З Бул үчөөнүн кимиси / / Кыргызстан маданияты,1973.-15-фев.-№7.-5-б  
[2] Жигитов С. Акындын жаңы жыйнагы / / Советтик Кыргызстан.-1961.-5-фев.-4-б.  
[3] Жусуев С. Тандалмалар. – Ф.: Кыргызстан, 1984.-5-б.



Профессор К.Артыкбаев өзүнүн "Эки акын" макаласында С.Жусуев менен Б.Сарногоев жөнүндө сөз айтып келип С.Жусуевдин чыгармачылыгы Б.Сарногоевдикине караганда өз өзгөчөлүгү менен өнүккөндүгүн, согуштун кан күйгөн талаасында кыйынчылыктарга карабастан чыгармачылыгын баштаганын, согуштан келгенден кийин да жалаң басма сөздүн тегерегинде эмгектенип жүргөнүн ырааттуу түрдө баяндап берет.[1]

Акындын өзгөчө касиети-ал ар бир ырга өзүнчө жан киргизип, окурманды да аралашып жүргөндөй сезимге дуушар кылгандыгы.

Акын согуш темасындагы ырларды алтымышынчы жылдары айрыкча берилип, жүрөгүн чындап ачып салып жазган. Бул суроо боюнча С.Жусуевдин өзүнө кайрылганда, акындын оюнда алгач көргөнүн көргөндөй жазуу, ырларында душмандардан өч алууга чакырган мотивдер, эрдикти үстүртөн даңктоо менен чектелгендигин тажрыйбанын жогунан көрөт. Кийинчерээк бул темага философиялык көз караштa карап, анализ жүргүзүү иши алдыңкы орунга чыкканын мойнуна алат. Айрыкча, фронттук турмуштун жүрөк титиреткен катаал окуяларын поэтикалык тилдин кудурети менен сүрөттөө жагынан С.Жусуевдин "Бир тоголок картөшкө" аттуу ыры бир кыйла күчтүү чыккан. Мында бир канча ойлорду эки үч сап менен түшүндүрүп жеткирген анын күчүнө баа бересиң. Мисалы, согуштун ардагерлери сүйлөшүп баратып, эки баланын картошканы топ кылып ойноп жүргөнүн көрүп калышат. Ошондо досу акынга кайрылып, өткөн күндөр эске түштү деп келип ачка, кийимдери кир араң жан келаткан сөлөкөттөй туткундарды көз алдына келтирет да, ошондогу көз ирмемде өткөн көрүнүштү эске салат.

Бир картөшкө жолдо жатты куланып,  
Туткун ага колун сунду кубанып.  
Артыбыздан тытыр-р-р этип автомат,  
Арык туткун сулк жыгылды суналып.

Аягында болсо:

Мындай өлүм жок болсо да оюнда,  
Туткун жатты чоочун өлкө жолунда  
Кала берди өз канына боелуп,  
Бир картөшкө анын сенек колунда.[2]

-деп айтып бүтүп картошканы тээп ойноп жүргөн балдарды узата карайт. Демек, ырдын чакан сюжети акындын жоокер досуна арналып, анын эскерүүсүндө туткун күндөрүндө көргөн бир тоголок картошкага байланыштуу окуяны баяндоосу менен өнүгөт. Мында согуштук ошол жөнөкөй факты жалпылоочу көркөм чындыкка

[1] Артыкбаев К. Эки акын// Ленинчил жаш.- 1958.-9-окт.-№3  
[2] Жусуев С. Тандалмалар. – Ф.: Кыргызстан, 1984.-183-б.

айланат. Мындагы берилген идеяны лириканын гана тили менен ушунчалык децгээлге жеткируугв болот. Натыйжада, акын жоокердин эрдигинин, ата-журтка кан-жаны менен берилген максатынын жацы ачылышын керсвтууге жетишет.

"Алакан" аттуу ыры болсо баяндоо мунвзундв журуп отурат. Мында согуштан кийинки тынч турмушту вткврvп жаткан акын бир куну баласын эркелетип жатып алаканын ебвт да, согуштагы бир квз ирмемди эстеп кетет. Андагы жоокер Самак, баланы сактайм деп жатып, бала менен кошо минага жарылып влгвну баяндалат. Акын ырдын ушул сабына келгенде туталанып, андан ары айталбай баратканын, бул окуя журегун канатканын, жерде купкуу болгон кичинекей алакандын жаткандыгын бар кучун жыйып туруп зорго баяндайт.

Кээде тушуп мен торуна санаанын,
Кврrвнумдун кебун эске саламын.
Согуш десе кез алдыма тартылат,
Ошондогу алаканы баланын - деп

бутурвт. Алакан-бул аталык мээримдии, ата менен баланын ортосундагы суйуунун символу. Ошондой эле бул согуштук окуяны, баласын сагынган жоокер Самакты, анын эрдигин эске тушурген шарттуу образ. Демек, С.Жусуевдин «Алакан», «Бир тоголок картошка» аттуу ырлары согуш аяктагандан кийин жазылган, бирок бул женекей гана мезгилдин аралыгы эмес, бул акындын ез башынан еткерген, езу керген-билген окуяларынын негизинде адамгерчилик менен жырткычтык, гуманизм менен ырайымсыздык женундегу поэтикалык ой-толгоолору. «Алакан», «Бир тоголок картошка» - булар езунче буткен поэтикалык образдар, алар аркылуу акындын адам, анын улуулугу женундегу кез карашы, философиясы ачылат. С.Жусуевдин бул ырларынын езгечелугу конкреттуулугунде, предметтуулугунде жана езектуу идеялардын туруктуу орун алгандыгында. Акын айтайын деген оюн образдуу, таасирдуу, кучтуу бир сезим менен бере билет. Кандай ыр болбосун конкреттуу бир ойду анын негизи кылып алууга тырышкан акын. Поэтикалык конкреттуулуктун жакшы улгулеру анын "Дарак", "Жылуулук", "Кол" аттуу ырларында берилген. Айрыкча "Дарак" ыры ойду конкреттуу суреттее жагынан чеберчилик менен иштелген. Сынчы С.Жигитов да акындын чеберчилигине карата теменкудей оюн билдирген: "Акын ырларында согушка каршы айгай салып кыйкырбайт, тынчтыкты жактап чубалжыган тирадалар айтпайт, биерде ал абалды жай гана баяндаган кезге комсоо деталдар бар. Бирок, ак чалган мурутка тамган кез жашты, салбырап турган колсуз жецди, соо колдун тыбырчылаган салааларын керсеткен керкем деталдарда канчалык лиризм, канчалык драматизм жатат. Сооронбай Жусуевдин акындык



кучу мына ошондо».[1] Чындыгында, лирикада шарттуу образдарды, метафораларды колдонуу менен ар кандай табигый кубулуштары (жыт, жарык), адам мучелеру (бут, кол), биологиялык керунуштер (гул, дарак, урук) курулай саналбайт, алардын ар биринин ички мацызы ачылат да, гуманизм, адамгерчилик, тируулуктун мацызын керсеткен лирикалык каармандын философиялык ой жоруулларын, санаркоолорун билдирет, алардын ар бири адам коомунун тагдыры менен диалектикалык байланышын тузет. Женекей керунуштер символдуу образдарга айланат. Буга мисал, "Дарак" ыры жакшы берилген. Мында согуштун каары даракты да жен койбостон залалы тийгенин дарак аркылуу жалпы жаратылышыбыздын абалын баяндаган саптар менен тушундурген:

Майданда снарядцар даракты урат,
Жоокердей бир кыйкырып калат
сулап.
Башкасы курбусуна башын ийип,
Унчукпай аза кутуп карап турат.

Антитезалык ыкмада турмуштагы дарактын аткарган функциясын керсетуу менен жашоонун диалектикасын ачат. Мына ушул бир дарактын бир нече функциясын керсетуу аркылуу андан адам учун, жашоо учун зарылдыгын таап, эц женекей тил менен гана туюндурат жана ички толгонууларын билдирет, алардын ар бири адам коомунун тагдыры менен диалектикалык байланышта берилет. Женекей керунуш символдук образга айланат, ошол аркылуу керкем жалпылоо жасалат:

Муцайып балдак болот майыптарга,
Кубанып стол, парта, эшик болот
Ыйлайт да табыт болот аргасыздан,
Жыргайт да, бебектерге бешик болот.[2]

Акыркы эки сабы карама-каршылыктуу берилип, ар кылдуу керунуштер баяндалат. Акын кандай гана керунушту лириканын объектисине албасын, андан адам учун, жашоо учун зарылдыкты табат. "Жыт" ырында да езунун согуш кундерундегу ар кандай окуяларга кубе болуп, ошол убактагы элестуу эпизоддорду ("Ал жыттарды бузбасын бомба жыты, замбиректин коцурсук дары жыты!".) камтый кетет. "Кол" аттуу ырында болсо алгач колго ода айтылып, андан соц согуш мезгилиндеги жер кучактаган, манжасы жок колдордун "трагедиясынан" кабар берилип келип, акыры мына ушул баатыр колдун рейстагга туу сайгандыгы кабарланат. Муну адабиятчыларыбыз Э.Межелайтистин "Колдор" ыры менен бирдикте

[1] Жигитов С. Акындын жаны жыйнагы // Советтик Кыргызстан - 1961.-5-фев.
[2]Жусуев С. Кедул куулеру.-Ф.: Кыргызстан, 1966.-7-6.

карап журушет. Межелайтистин ырынын идеясы эмгек менен эркиндиктин биримдиги, совет адамынын эмгегинин жемиши колдун символдуу образы аркылуу кучтуу эмоцияда ачылат. С.Жусуевде согуш талаасындагы баатыр колду баяндайт. Бул жерден С.Жусуев Межелайтистин жолуна тушуп, тууроого барды бекен?- деген кумен ойду четке кагабыз. Анткени, акын езунун согушта кергендерун баяндап отурбайбы, ал жен эле баяндоо эмес, документалдуу чындыкты керкем сез куралдарынын жардамы аркылуу жогорку децгээлде таасирдуу беруу менен жыйынтыгында жакшылыкты да, жамандыкты да жасоочу кол, демек ак, сары, кара колдор биригип келип бизге бейпил жашоону тузуп бергени ырдын тупку катмарынан чыга калат. Демек, эки акындын тен эмгек адамы, анын кучтуу колунун жандуу поэтикалык образы суреттелет.

Акындын чыгармачылыгында "Адам жана тынчтык" цикли кандайдыр бир бетенче орун ээлейт. Анда акын конкреттуу образдарга таянып туруп, кецири философиялык таянычтарга чейин кетеруле алган, адам баласынын жашоосунун мацызы женунде ой жугурткен да емур жана елум, согуш жана тынчтык женундегу категорияларга терец суцгуп кирген.

**Жыйынтыктап айтсак,** С.Жусуевдин акындык жузу согуш чыгармаларынан ачылып, бул темада аябай зор эмгек сицирген деп чечкиндуу турде айта алабыз. Акындын чыгармаларынан тынчтыкка, достукка ундеген чакырык керунуп турат. Достук, тилектештик темаларынын иштелиши жагынан С.Жусуевдин чыгармачылык тажрыйбасы езгече сез кылууга арзыйт.

С.Жусуев - улуттук поэзиянын традициялык нугунда эмгектенип келди. Кебунче езунун поэтикалык чыгармаларын жацы ойлор, жацы керкемдук табылгалар менен байытуу багытында жемиштуу иштеди. Буга С.Жусуевдин чыгармачылык тажрыйбасы толук далил боло алат.

Кыргыздын тоосун, келун поэтизациялоо акындар учун потенциялдык темага айланса да, С.Жусуевде табият керунушу, жаратылыштын кооздугу айрыкча жакшы чагылдырылат. Баарынан да акындын токтоолук менен ошол суреттеп жаткан керунушту башкалар ецденуп кагылып, жалынып-жалбарып, эмоцияга ашыкча алдырып жибербестен, жаратылыштын купуя сырларын чыныгы нукура акындык таланттын сезими менен, таасирдуу сез кубатынын кучу менен гана окуучуга жеткире билет. Табиятыбыздын айтып буткус сулуулугуна, кез жоосун алган кооздугуна, не бир ажайып асыл, керемет керунуштеруне атам замандан бери эле атактуу, ашкере залкар искусствонун корифейлеринен баштап, керкем енер ишин аркалагандардын дээрлик баарысы ездерунун журегуне жакын табылган ырларын арнашкан жана келечек учун, адамзат учун эстетикалык кеенербес деелет катары тубелук кала турган кымбат мурас катары калтырышкан. Акын окуяга, керунушке кайрылуудан мурда езунун керт башынан еткезуш керек, сезимин жарып чыгыш керек. Ошондо гана езунун оюн, сезимин, ез позициясын билгизет. С.Жусуевдин тунук ой-тилеги, акындык табиятынын тазалыгы да езунун жаркын поэзиясынан даана керунуп турат. Акын кыргыз жергесинин кооздугуна суктанып, анын Ай,Кун нуруна чайыган ченемсиз тазалыгын аяйт. Адамдын дили, пейили да ушундай таза болсо экен деп тилейт.

Сооронбай Жусуевдин жалпы поэзиясына мунездуу бир езгечелук катары анын ырларындагы аллитерация жана ассонанстардын мол кезиккендигин белгилее керек:

Кун кызарып бурке берип жалынды,  
Кумуш булут чоктун тусун жамынды.  
Кулмуц этип жылып-жылып темендеп,  
Кундун чети келге барып малынды.

С.Жусуевдин керкем суреттее каражаттары мол болуп, дайыма жандуу, элестуу, таасын беруудe зор жетишкендиктерге ээ. 0згече кыргыздын бермети болгон ажайып Ысыккелубузду суреттегенде кецулун кел сымал бир толкуп кайра жазылат. Бул айрыкча «Сыйынууга келемин» ырында керунет. «Тандалмалар» жыйнагында болсо кээде кеешуп, кээде туйлап чарпылган, кээде кепкек болуп жаркыраган, тынч жаткан кел кузгу болуп, ага ак менгулуу тоонун сурету тартылат деп, келге болгон суктануусун тыя албай, айланчыктап, журегунен чыккан сездерун арнап, кел менен мактана тургандыгын башка ырларында да баса белгилеп кетет.

Келдун керкему ар бир акындын ырында кездешет. Бирок, ар биринин стили, ыкмасы ар башка. Баарын катар коюп салыштырсац, сезсуз турде ез-езуне тиешелуу саптар езу эле белунуп калат. Анын сыцары С.Жусуевдин ырлары, суреттее каражаты езунче бир бетенчелукке ээ. Бир катар макалаларда белгиленгендей С.Жусуевдин китептери бир сырдуу, токтоо, сырчыл, ак ниет, ак кецул ырларга толгон. Анткени, ал езунун ар бир ырына тыкан, так, сергек, олуттуу карайт. Белгилеп кетчу нерсе, дуйнену керкемдук жактан сезе билуу, жаш баланыкындай ак пейилдуулук жана ак ниеттуулук, жан-дуйнесунун марттыгы, оптимизм С.Жусуевдин поэтикалык дараметинин мунездуу белгилери. Ооба, акын жаратылыштын ар бир керунушун кез жаздымда калтырбай ырга айлантып жазат. Мындагы философиялык, психологиялык, нравалык саптар акындын жузун ачып берет. Анын живописттик езгече боёктору, уйкаштык системасы аны кептеген акындардын ичинен дапдаана эле айырмалайт. Ишибизде карап чыккан ырлардын баары акындын образдуу ой жугуртуусунен еткен, керкемдук сапаттары жогору. Эц негизгиси,

табияттын тартуулаган байлыгына жырткычтык менен мамиле жасагандарга каршы протест жасаган акындын үнү угулуп турат.

С.Жусуевдин поэзиясындагы жашырын сырларынын бири-чоң жана көркөм дүйнөнү өзүнө батырып, аны сүйгөн жана кадырлаган жүрөгү менен жылытып, окурмандарга алгачкы түрү, тазалыгы, көркү жана өз үнү менен кайра суна билүүсүндө. Лирик акындын табийгат тартуулаган таланты сезимдерди, маанайды, пейзаж, сүрөт менен куюлуштура берүүгө жөндөмдүү.

«С.Жусуев калемдештери такай кайрылып келген темадан кандай жаңылык тапты?»- деп профессор А.Садыков суроо койгон болучу жана «Түрмөк булуттар» жыйнагындагы «Тоолорум - менин ойлорум» бөлүмүндөгү ырларын оригиналдуу жана көркөм табылгаларга бай деп баалаган.[1] Муну ал ырлардын аталыштарынан эле байкаса болот. Тоолорго өзүнчө ырлардын цикли арналат. Адеп эле «Мен тоолорго сыйынам», «Тоолуктар», «Тоо карагайлары», «Тоодон алыс жүргөндө», «Тоонун пейили», «Тоодогу түн», «Тууган жерде толгонуу», «От боюнда», «Жылкы» жана башка. Бул ырларда пропорция өзгөргөн, алдыңкы планга сүрөткерлик (живопись), картиналуулук чыккан. А.Эркебаев белгилегендей, С.Жусуев тоонун коздугун сүрөттөөгө артыкча берилип кетип, кайсы бир өлчөмдө романтизациялап жиберген учурлары да кездешкен. Албетте, поэзияны жаратуу, жазуу процесси ар бир акындын индивидуалдуу дүйнө тааным жөндөмүнө, өзгөчөлүгүнө жараша жүрөрү далай эле фактылардын негизинде далилденип келе жатат. Акын ыр жазууда кандай темада экенин тандап отурбайт. Ал жүрөгү эмне сезсе, көңүлүн эмне ээлесе, ошолорду жазат. Ошондуктан лирикада романтика да, философия да айкалышып, бири-бирине чиеленишип турат. Чынында эле, чыгарма ойлонтуп, толгонтуп, бирде кубантып, бирде өкүндүрүп, ынандыра жүрөккө жетип турбаса, ал милдетин актай албас. Дегеле бул жыйнактагы ырлардын көбү чебер пейзаждык сүрөттөөгө толгон жалаң жаратылыштын көрүнүшүнө арналган десек болот. Натыйжада, көзгө көрүнбөгөн ички сезүү-туюмдарды, бизге белгисиз купуя сырларды ачуунун аракети бар. Ушу аракет, адамдын ички дүйнөсүнө үңүлүп, нравалык-этикалык проблемаларды козгогон ырларды өз бийиктигине жеткен деп айтсак болот. С.Жусуевдин пейзаждык лирикасында байкалган жакшы нерсе - жаратылышты өтө берилип сүйгөндүгү жана аны күчтүү сезим менен сүрөттөп бериши. Маселен, «Булак», «Кайынды», «Тоо чакырат», «Каркыра» жана башка ырларында жаратылышты реалдуу дүйнөдөн четте турган көрүнүш катары сүрөттөбөстөн, адамзаттын жашоосунун бирден-бир булагы деп эсептеп жана ушул аспектиде сыпаттаган.

[1] Садыков А.Түрмөк ырлар //Советтик Кыргызстан.-1970.-20-дек.- №295.-3-б.



**Жыйынтыктап айтканда**, Соoронбай Жусуевдин ырларын окуган окурмандардын көз алдына кыргыз жеринин ажайып коoздугу, керемет касиети элестейт. Бир карасаң С.Жусуев жалаң жаратылыштын сулуулугуна суктанып, ырахаттанып бейкапар жүргөн акын болуп көрүнсө, экинчи жагынан ал табият менен адамдын өз ара тең байланышын, кайгы-кубанычын, алардын келечегин ойлоп, жүрөгүн ооруткан, терең ойго баткан ойчул десек туура болчудай.

Акындын мезгил менен үндөштүгү С.Жусуевдин чыгармачылыгын алып караганда дүйнөгө жана адамга өзүнчө аналитикалык көз караштагы акын. Ага эмоция жана ой-пикирлерди токтоолук, сабырдуулук менен билдирүү мүнөздүү. Адам сапатындагы нукура гармонияны изилдөөгө бет алган акын аны өзүнүн реалдуу көрүнүштөрүндө сүрөттөөгө ынтызар. Ошон үчүн анын поэзиясы сүрөттөгөн заттын өзүнө жакын, тактап айтканда, дал турмуштун өзүндөй сапаттары менен көрүнөт. Анын оюу дээрлик масштабдуу келип, турмушубуздагы анчейин гана көрүнгөн айрым нерселердин биз байкабаган сапаты ачылып, анда жаңы ойлор орун алганын көрөбүз. Өзүн курчап турган, өзү кошо жашаган объективдүү дүйнө, реалдуу турмуш, адам жана анын зарыл түрлүү-түмөн нерселери адабияттын предмети. Ар бир акын өз чыгармачылык жолунда ар түрдүү окуя жана көрүнүштөрдү, адамдарды тандап алат да, алардын көркөм картинасын тартып берүүгө аракет кылат. Акын канчалык баамчыл, сергек болсо, демек, ошончолук ар түрдүү көркөм образ жаралат. Көбүнчө ал мораль темасына айрыкча көңүл бөлөт. Адамдын жүрүш-турушуна, кара мүртөз, көңүлү жумшактыгына, акылы тайкылыгына жана башка толуп жаткан адамдык сапаттарын акындык чебер штрихтер, нюанстар менен белгилейт. Буга «Адам болуу», «Кээде», «Досумду жоктогондо», «Адам тили», «Кызыкпыз», «Бир жигиттин айтканы» өңдүү ырлары кирет. С.Жусуев кубанычын да, кайгысын, жакшы көрүүсүн да, таарынычын да эч качан кургактап, жөнөкөй сөздөр менен айтпастан, дайыма салыштыруу же болбосо ой түрмөктөрүнүн урунттуу пафостору менен кайрыйт. Ал кайрыктарда философиялык терең ой түйүндөрү, акыл-насаат, этиканын мыкты сапаттары чагылдырылат:

Адамга адам өзүн жактырууга,
Ар түрдүү сулуу, жылуу миң сөз кетет.
Адамды адам кайра жат кылууга,
Мупмуздак түрү суук бир сөз жетет[1]

Акын азыркы учурдун эң маанилүү проблемасы бейпил жашоону адам, анын эстафетасын улантуучу бала менен тыгыз байланыштырат да, адамсыз, адам коомусуз дүйнөдөгү колдун да, жыттын да, гүлдүн

[1] Жусуев С. Дабан.-Ф.:Кыргызстан.-1971.-28-б.

да, дарактын да, салмактын да, сулуулуктун, кыскасы, табийгаттын бардык кооз көрүнүштөрүн эч кандай мааниге ээ эмес- деген лирикалык терең философиялык жыйынтык чыгарат. Бул жерде жаратылыш көрүнүштөрүн саноо менен чектелбейт. Тескерисинче, алардын ар биринин ички маңызын ачып, аларды адамдын тагдыры менен диалектикалык бирдикте карайт. Албетте, философиялык лириканын сферасы чексиз, бирок ошондой болсо да, анын мазмунун адам, анын өмүрү менен өлүмү, бактысы менен келечеги түзөт. С.Жусуевдин «Миң кайрык» аттуу ырлар жыйнагында философиялык ойлор этикалык, моралдык проблемаларга көбүрөөк орун берилген. С.Жусуевдин ырларына байланыштуу жазылган макаласында адабиятчы Л.Лебедева: «Акындын чыгармачылыгы азыркы күндүн темасы менен өзөктөш, негизи анын оюунун чордонун биздин заманыбыздын сезими жана ой-пикири бурат. Карапайым адамдардын жүрүш-турушунан, алардын бири-бирине, тууган жерине, өздөрүнүн эмгегине болгон мамилелеринин адамдык чоң мазмунду, лирикалык терендикти табуу – мына ушулар менин байкашымда С.Жусуевдин поэзиясынын ички өзөгүн түзөт»[1] – деп жазат. Чындыгында акынды тынчсыздандырган, поэтикалык толгонууга дуушар кылган заманыбыздын карапайым адамы, анын асыл сапаттары С.Жусуевдин «Адам кадыры» аттуу ыры «Акын жүрөгүнүн» лейтмотиви сыяктуу. Ырда турмуштагы адамдын баркы жөнүндө жөнөкөй гана ой айтылат. Бирок ушул жөнөкөйлүктүн терeңинде акындык философия тирүүлүктө адамды, анын кадырын сыйлоо идеясы ачык көрүнүп турат. Айрыкча, бейпил жашоону адам, анын эстафетасын улантуучу бала менен тыгыз байланыштырат да, адамсыз, адам коомусуз дүйнөдөгү, табияттын бардык кооз көрүнүштөрүнүн эч кандай мааниге ээ эмес деген лирикалык-философиялык жыйынтык чыгарат.

Кыргыз поэзиясынын зоболосун көкөлөтүп, көркөм эстетикалык бийиктиктерге көтөрүүдө зор салым кошкон темалардын бири-сүйүү темасы. Албетте, бул темадан С.Жусуев да, четте калган эмес. Анын махабат темасындагы ырлары назик, сыпайы, жагымдуу жазылган. Андыктан көптөгөн образдар жаралып, эл ичине эбак эле тарап кеткен ырлары бар. «Сен», «Жайлоодогу кыз», «Сүйүү сүрү», «Сулуу», «Кош жылдыз», «Жүрөккө жүрөк талпынып» ырларында күйүп-бышып кетпестен, назиктик, сыпайкерчилик аркылуу сүйүүнү даңазалаган. Акын ыр жазганда тема тандабайт, ал жүрөгү эмне сезсе, көңүлүн эмне ээлесе,ошолорду жазат. Ошондуктан сүйүү лирикасында романтика да, философия да айкашып, бири-бирине чиеленишип турат. Сүйүү лирикасы – көп акындарды өз чөйрөсүнө үйүр кылып,

[1] Лебедева Л. Тогуз ыр жана традиция жөнүндө талаш / / Ала-Тоо-№10.-105-б.



алардын жанын койбой, түйшүккө салып ырдаткандыктан С.Жусуев да лирика отунан сыртта калган эмес. Чындыгында, Сооронбай Жусуев сүйүү жана табигат лирикасынын дасыккан чебери. Бул темадагы лирикасы анын чыгармачылыгында өзүнүн татыктуу ордуна ээ. С.Жусуев махабат лирикасын жазганда, жаштардын оюндагысын таап, алардын романтикалуу учкул сезимдерине шайкеш келген сүйүү ырларын жараткан. С.Жусуев лириканын назик сырларын билет. Анын махабат лирикасы чын жүрөктөн оргуп чыккан ак жаркын лирика.Себеби, акын токтоо, реалисттик ыкма менен иштеп, жаңы нерсени сырткы формадан эмес, ырдын мазмун-маңызынын өзүнөн таба билет. Белгилей кетчү нерсе, арзуу лирикасында обу жок жалыныч, карандай зар какшоо С.Жусуевге мүнөздүү эмес.

**Биринчи глава** боюнча жыйынтыктасак, С.Жусуев лирика жазуунун чебери экендиги анын согуш, философиялык, сүйүү жана пейзаждык лирикасында ачык көрүнөт. Акын ар бир теманы кылдаттык менен байкоого алып, ар бирине жүрөгүн берип, эң жогорку деңгээлдеги ырларын жарата алган. С.Жусуевдин лирикасын изилдөө аркылуу улуттук адабиятыбыздын бай казынасына кошкон салымы зор экендигин көрөбүз.

**Экинчи глава «С.Жусуевдин поэмаларынын көркөмдүк бөтөнчөлүктөрү»** деп аталып, мында акындын поэмалары изилдөөгө алынат. С.Жусуев кыргыз поэзиясында поэма жанрын өркүндөтүүдө, анын ар кыл формаларын (эпикалык, лирикалык, поэма-миниатура, поэма-диалог) жаратууда өз талантынын мыкты жактарын ачты. Поэмаларындагы каармандардын ички дүйнөсүнүн психологиялык жактан өнүгүүсүн улам тереңдетүү менен ал аң-сезимдеги психологизмдин эволюциялык өнүгүү принциптерин иштеп чыкты, башкача айтканда, каармандардын ички дүйнөсүн ачуунун ар түрдүү ыкмаларын, көркөм сүрөттөөнүн формаларын байытты. Чыгармаларында мазмундук терендик, идеялык маани күч алды. Айрыкча акындын фронттук турмуштун окуяларынан алынып жазылган поэмалар цикли кыргыз лиро-эпикалык жанрынын өсүшүнө жаңы поэтикалык маанай апкелген чыгармалардын катарына кирген. Белгилей кетчү нерсе, 40-50-жылдарда каармандардын мүнөздөрү фрагменттүү эркисиз түрүндө сүрөттөлүп келсе, 60-70-жылдардагы поэмаларда мүнөздөрдү кенен-кесир психологиялык анализдөөгө басым жасалып, табигый көрүнүшү ачыла баштаган. Буга С.Жусуевдин да чыгармалары мисал болот. Сооронбай Жусуев лирик да, эпик да акын болгондуктан, эки тизгинди тең кармагандай поэзиянын бул эки түрүндө тең иштеп келаткан акын. Ири полотнодогу чыгармаларды жазууга ал туңгуч китеби чыккандан бир аз убакыт өткөндөн кийин эле киришкен. Анын "Өмүр жазы" деген алгачкы поэмасы 1954-жылы үчүнчү ырлар жыйнагына кирген. Бул

поэмада согушта эки көзүнөн ажыраган, туулган жерине кайтып келген жоокердин тагдыры жөнүндө баяндалат. Поэма ошол кездеги Орто Азиялык адабияттардагы согуш темасына арналган ири поэтикалык чыгармалардын сюжеттик схемалары жана мотивдери боюнча жазылган. Мында автор өзү жолуктурган фактыларды өз алдынча трактовка кылып, оригиналдуу сюжетке айландыра албай, даяр сюжеттик стандарттардын инерциясына жендирип жиберген. Анын үстүнө каармандардын кылык-жоруктары, капыстан кылган иштери психологиялык жактан мотивировкаланган эмес.

"Өмүр жазынын" пафосу негизинен убадага туруктуулук жана туруксуздук. Поэма көркөмдүк жактан анча иштетилбей калгандыктан автор көздөгөн максатына жете албай калганы көрүнөт. Бирок, акындын моралдык-эпикалык поэманы негиз кылып алып, каармандарынын адамдык сапатынын, турмушунун оор, кыйын сыноодон кандай өткөндүгүн окурмандарга көрсөтүп бергендиги менен баалуу. "Өмүр жазы" поэмасы автордун тунгуч эпикалык чыгармасы болгондуктан, бул багыттагы чыгарманы жазууга машыга электиги байкалып турат. Демек, поэмада жакшы тилек, умтулуу бар, бирок чыгарма автордун оюндагы деңгээлге жетпей калгандыгын автор өзү да ырастайт. Акындын поэмаларынын бардыгын сын көз менен карап көрүп иргесек "Үмүт", "Жылдыздуу тоолор", "Сагыныч", "Тирүүлөргө", "Кызыл дептер", "Белгисиз жоокер", "Ак Мактым", "Ак Саткын" поэмалары С.Жусуевдин чыныгы акындык деңгээлин аныктап турат.

"Үмүт" поэмасы С.Жусуевге чоң ийгилик алып келген, акындын жүзүн таамай көрсөткөн мыкты чыгарма. Бул мезгил – акындын чыгармачылыгынын бурулуш мезгили болгон. Поэмада Болотбек аттуу жигиттин тагдыры баяндалып, кыргыз жаштарынын келечекке болгон көз караштары, ой-тилеги Болотбектин образы аркылуу чагылдырылат. Белгилей кетчү нерсе, бул поэма С.Жусуевдин мурдагы поэмаларынан өтө эле айырмаланарын көрөбүз. Поэманын тили элпек, ширелүү, көркөм, окурманды да өзүнө тартып турат. Ыр саптарындагы мааниге так уйкаштыктар төп келип, чыгарманын мазмунун жана көркөмдүгүн арттырат. Автор Болотбекти жаштардын өкүлү катары сүрөттөгөн. Ал окурмандардын көзүнө жаңыча ойлонгон, жаңыча аракет кылган, эски салттын туткунунда калган ата-энесине каршы туруп, көздөгөн максатына жетүүдөн тайманбаган чечкиндүү жигит кылып көрсөтө алган. Болотбектин образы жасалма эмес, ошол учурдагы жаштарга таандык мүнөзү менен окурмандарга жакын. Ушу жерден айта кетчү нерсе - акын, башкалар сыяктуу эле аягын жакшы, той менен деле бүтүрүп койсо болмок. Бирок, С.Жусуев оңой жолго түшкөнү жок. Демек, поэмада жаңычылдык



багыты айкын көрүнүп турган. Ошондуктан окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынган.

Согушка чейинки жана согуштан кийин деле эпикалык формада жазган көп жазуучулар көбүнчө каарманды бир жактуу, же жалаң оң жагын көрсөтүп келишсе, кийинки мезгилден баштап каармандын мүнөзүн турмуштук курч ситуацияларда, ар түрдүү кагылыштарда ачып берүүгө багыт алгандыгы жакшы көрүнүш болгон. С.Жусуев да бул поэмасында чыгармачылык жактан туура жыйынтык чыгара алган. Айрыкча эки жаштын сүйүүсүн жеңил-желпи примитивдүүлүккө, схематизмге салбастан, ишенимдүү, поэтикалык чындыкка жеткирип берет. Анткени, бул турмуштан алынган көрүнүш. Айрыкча андагы алдыга карай арыштуу кадам таштаган, эч бир тоскоолдуктарга жеңилип бербестен көктүк менен келечекке кадам шилтеген анык жаркын замандын жалындуу жаштарынын образы тереңдетилип таасирдүү берилген.

Бул мезгилде поэзияда отузга жакын поэма жазылып, анда согуштун оор күндөрүн, андан кийинки тынчтык мезгилиндеги турмуш сүрөттөлгөн. Ошол отузга жакын поэмасынын ичинен С.Жусуевдин "Тирүүлөргө", "Сагыныч", М.Абылкасымованын "Эстелик сүйлөйт", Ж.Садыковдун "Калча" жана башка поэмалары өзгөчө сөзгө алынып, окурмандар арасында дурус пикирге ээ болгон. Бирок, бул мезгил аралыгында жаралган поэмаларга көз чаптырганда, идеялык, тематикалык, стилдик жана форма жагынан болгон изденүүлөр даана сезилүү менен поэма жазуудагы эски штампты кайталоолор, сюжет куруудагы жасалмалуулуктар да кездешкенин О.Соронов да белгилеп кеткен.[1] Ал эми фронттук поэмалар циклинин төл башы болуп "Сагыныч" поэмасы эсептелет.

«Сагыныч» акындын кийинки жылдары жазылган поэмаларынын ичинен өзгөчө орун ээлейт. Автордун бул поэмада койгон эң негизги максаты Ата Мекенинен, эл-журтунан эрксиз ажыраган, туткундуктун капкагынан чыга албай кыйноодо жүргөн Султандын сагынычын, ичине топтолгон бугун, арман-куйүтүн, муңун сүрөттөө болуп эсептелет. С.Жусуев бул поэмада адамдардын жан дүйнөсүнө кирип аябай дыкат анализдеп, өзү кошо жүргөндөй катуу таасирленип берилип кеткени байкалат. Поэманын сюжети анчалык татаал эмес, композициялык түзүлүш жагынан да тыкан тили так жана көркөм. Султандын образын ачууда автор психологизмге өзгөчө маани берет. Мында өз элине кайта албай абдан кыйналган адамдын тагдыры берилет. Темасы айтып тургандай эле бир адамдын жүрөк ооруткан

[1]Соронов О.Согуш темасындагы кыргыз поэмаларынын сюжеттик мотивдери.–Ф.:Илим, 1982.-24-б.

сагынычын, бук болуп ызага малынганын акын чеберчилик менен берген.

Автор бул поэмасын зор эргүү, акыл менен жүрөктүн сезиминин айкалышынан жаратканы дароо көрүнөт.

"Тирүүлөргө" аттуу поэмасы да формасы жана мазмуну жагынан башка поэмаларынан өзгөчөлөнүп турат. Бул чыгарма доордун мүнөздүү маселесин ичине алган чыгарма. Акындын жаралуу жүрөгүнөн чыккан саптар менен куралган поэмалар окурмандарга таасирин бербей койбойт. Мында кан күйгөн согуш талаасынан, каардуу согуштун азабынан, эл-жери үчүн өмүрүн кыйган азаптуу жоокердин жер алдында жатып, жер үстүндө басып жүргөн тирүүлөргө кайрылышы берилет. Акын турмуштун күтүлбөгөн көрүнүштөрүн өзгөчө чебердикте ачкан. Өзгөчө эненин образын акын эң эле таасирдүү ачып берген. Айрыкча бейитке келген бир кыргыз эне, бири немец улутундагы эне экөө тең балдарына бирдей күйүп, бирдей сыздап, экөө тең кандуу согуш болбоосун кудайдан тилешет.

Поэма мазмунга ылайык көркөм формага ээ. Шарттуу символдук образдын кудуреттүү элеси, анын публицистикалык күчү менен ширелешкен монологдору, ыр саптарынын эркин ритмдик өлчөмдө курулушу, жашоонун түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү философиялык ой чабыттары – ушунун баары чыгармага табигый көркөмдүктү камсыз кылып турат. Поэмада реалдуулукту табигый мүнөздө берүү максатында колдонулган тилдин көркөм каражаттары, кайталоо, параллелизм, лирикалык чегинүүлөргө окшогон ыкмалар да өз орду менен келет. Тиби жагынан бул поэманын конфликтиси кадимки эле психологиялык нравалык коллизияга жатат, бирок мындагы кагылыш бөтөнчө бир ыкманын жардамы менен берилет, ирреалдуу пландагы көрүнүштөр чагылдырылат. Демек, поэмадагы шарттуу-символдук образдын кудуреттүү элеси, анын публицистикалык күү менен ширелишкен монологдору, ыр саптарынын ритмдик эркин өлчөмдө курулушу, адамдын жашоосунун түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү философиялык ой-чабыттар – ушулардын бардыгы чыгармага табигый салмактуулукту, көркөмдүктү камсыз кылып турат.

Поэмалар боюнча изилдөө жүргүзүп келаткан доцент Рахима Сыдыкова да С.Жусуевдин "Тирүүлөргө" поэмасына атайын токтолуп, М.Абылкасымованын "Эстелик сүйлөйт" поэмасы экөөнү салыштырып, катар коюп алып изилдеген. Экөөндө тең шарттуу форма менен реалдуу форманы шайкеш колдонгондугу согушта курман болгон жоокердин тирүүлөргө кайрылуусу менен ачылат. Эки акын тең ар бир окуяны кылдат карап, деталдуу сүрөттөгөнүн белгилеп келип: "Алардын негизги окшоштугу чыгарманын идеясында, темасында. Эки автор тең бир эле доордо, бир эле мезгилде бирдей маселе козгоп, бирдей ыкма менен баяндоо аркылуу чагылдырышкан.



Бирок окуянын чиелениши да, чечилиши да өзүнчө бөтөнчөлүккө ээ. Алардын чыгармаларын бири-бирине окшоштуруп, байланыштуу көрсөткөн нерсе өлгөндөрдүн тирүүлөргө кайрылышында, башкача айтканда, шарттуулукта".[1]-дейт.

Бирок, С.Жусуев экинчи бөлүмдөгү окуянын жүрүшүн М.Абылкасымовага караганда бир топ татаалдаштырып, көп кырдуу эпизоддордо турмуштун көп кырдуу көрүнүштөрүнөн чагылдыра алган.

Сексенинчи жылдардын ортосунан баштап Соронбай Жусуев согуш темасынан кыргыз элинин өткөндөгү турмушуна, тарыхына байланыштуу фольклордук чыгармалардын сюжетин кайра иштеп чыгып, алардын негизинде жаңы мезгилдин руханий муктаждыгына жооп берип , жаңы поэмаларды жаратты. Андай чыгармалардын бири "Ак Мактым" поэмасы. "Ак Мактымды" башынан аягына чейин бүт бойдон биринчи жолу поэмага айлантып жазган С.Жусуев болгонун белгилеп кетишибиз керек. Андан кийин акындар Э.Эрматов, А.Өмүрканов, К Култегин "Ак Мактымдын" өз варианттарын жаратып поэма жазышты. Бирок, бул эки акын тең бул чыгарманы С.Жусуевден өзгөчөлөнтүп, өздөрүнүн чыгармачылык ресурсунан карашкандыгы байкалат. Тагыраак айтканда, көлөмү чакан жана өздөрү маанилүү деп эсептеген маселелерге көңүлдөрүн буруп, окурманды да ошол маселелерге багыттаган. Поэманын фабуласы үстүртөн, кыска гана баяндалып, бул жалпы эле анын системасы, түзүлгөн схемасы көрүнөт. Айрыкча, кыздын ата-энесине берилген мүнөздөмөлөрдүн карама-каршылыгы, Мактымга болгон мамилесинин ар башкалыгы байкалат. Негизинен мындагы каармандардын образдары көңүлдө калуучу образдар экенин, эр жүрөк Эргештин, жанында жүрүүчү баатыр кыздардын жасаган эрдик иштеринен көрүнөт. "Ак Мактым" чыгармасын карап көрүп, акындын сөз байлыгы барган сайын көбөйүп, жазуу ыкмасы дагы да дааналанып, такшалып, чебердиги артылып баратканын далилдеди. Ал эми ушул эле поэмага кайрылган А.Өмүрканов менен К.Култегиндин поэмаларына көз жүгүртсөк, А.Өмүркановдун "Ак Мактым" поэмасы 1995-жылы жарык көргөн. К.Култегиндин поэмасы «Контаажынын сүйүүсү» деп аталып, беш бөлүмдөн турат. Култегиндин поэмасынын айырмачылыгы- бул баланын тирүү калышы жана Контаажынын жигиттери менен кыргыз жерине качышы. К.Култегиндин бул поэмасы А.Өмүркановдун, С.Жусуевдин поэмасынан аябай эле айырмаланып турат. Демек, бир эле поэма үч автордо үч башка берилген.

Ушул эле жыйнакта "Аксаткын менен Кулмурза" поэмасынын уландысы катары бүгүнкү күндө жазылган "Канат жана Зарина" аттуу

[1] Сыдыкова Р.Кыргыз поэмасындагы көркөм чеберчилик маселелери.-Бишкек.-1995.-38-б.

поэмасы эсептелет. Поэмада чыныгы махабатты жашоодон да жогору, ыйык көргөн эки жаштын армандуу өмүрү баяндалган. Бул поэма өлүмгө эмес, өлбөс-өчпөс анык махабат, адил, ак сүйүүгө арналган. Бул китеп азыр колдон-колго өтүп, талашка түшүп турган убагы. С.Жусуевдин поэмалары боюнча сөздү жыйынтыктасак, поэмаларга ар түркүн темалар камтылып, ар түркүн ойду берген. Ушунча узак убакыттан бери поэма жанрында жемиштүү эмгектенип келе жаткан акындын поэмалары эпика жанрынын туу чокусунда десек туура болор.

**Корутундуда** диссертациянын негизги бөлүмүндө каралган маселелер жыйынтыкталат. С.Жусуев 50-жылдардан тартып бүгүнкү күнгө чейин келип жеткен чыгармачылык жолунда үзүрлүү натыйжага жетише алды. С.Жусуевдин поэзиясын изилдөөдө төмөнкүдөй жыйынтыктарга келдик:

–С.Жусуевдин лирикасы көркөмдүк бөтөнчөлүгү менен өзгөчөлөнөт.

С.Жусуевдин чыгармачылыгындагы согуш тематикасы эң башкы ролду ойнойт.

–акындын граждандык лирикасы индивидуалдуу көркөм касиетке ээ

–акындын поэмаларында патриотизм күчтүү берилген

Жыйынтыктап айтканда, С.Жусуев кыргыз поэзиясына салым кошууда ролу зор.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**

1. С.Жусуевдин поэмаларынын көркөмдүк бөтөнчөлүктөрү //Китепте: Көркөм маданияттын проблемалары: Генезис, Поэтика, Типология//Макалалар жыйнагы.-Бишкек.-2001.-129-141-беттер.

2. С.Жусуевдин «Миң кайрыгы» түрмөктөлгөн асыл ойлордун курамы. Китепте: Көркөм адабиятыбыздын айрым проблемалары. -Бишкек.-2001.-126-134-беттер.

3. Жүрөк өйүткөн согуш каарынын С.Жусуевдин чыгармаларында чагылдырылышы.//Современность: философские и правовые проблемы. –Бишкек.-2002.-51-56-беттер.

4. Акын жана жаратылыш.//Современность: философские и правовые проблемы.-Бишкек.-2003.-46-53-беттер.

5. С.Жусуевдин чыгармаларында сүйүү темасынын берилиши //Гуманитарные проблемы современности.-Бишкек.-2003.-25-34-бб.



6. С.Жусуевдин «Курманжан датка» романы тарыхтын татыктуу баяны.// Эл агартуу. –Бишкек.-2003.-№1-2. 33-39-беттер.

7. Акын С.Жусуевдин чыгармачылыгындагы «Тоолор» темасынын чагылдырылышы.//Эл агартуу. –Бишкек.-2003.-№ 3-4. 8-16-бб.

8. С.Жусуевдин чыгармаларындагы философиялык ойлордун Чагылдырылышы.//Современность: философские и правовые проблемы/материалы VII республиканской научно-теоретической конференции.-Бишкек.-2003.-3-7-беттер.

9. С.Жусуевдин элдик сюжеттин негизинде жазылган поэмаларынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү //С.Жусуевдин чыгармачылыгындагы уруктту маселелер. Известия ВУЗов.-Бишкек.-2004.-№4.-1-8-беттер.

10. Акын С.Жусуевдин пейзаждык лирикасынын бөтөнчөлүгү //С.Жусуевдин чыгармачылыгындагы урунттуу маселелер. Известия ВУЗов.-Бишкек.-2004.-№4.- 9-16-беттер.

11. С.Жусуевдин лирикасында философиялык ойлордун орун алышы //С.Жусуевдин чыгармачылыгындагы урунттуу маселелер. Известия ВУЗов.-Бишкек.-2004.-№4.-17-22-беттер

К.Жумакадырованын 10.01.01–кыргыз адабияты адистиги боюнча «С.Жусуевдин поэтикалык изденүүлөрү» аттуу кандидаттык диссертациясына

## Аннотация

Бул эмгекте биринчи жолу С.Жусуевдин поэзиясын системалуу илимий иликтөөгө аракет жасалып, акындын кыргыз поэзиясына кошкон салымы, ээлеген орду көрсөтүлдү.

Биринчи глава «С.Жусуевдин лирикасынын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү» деп аталып, анда акындын чыгармачылык почерки, калыптанышы, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз болот. Чыгармаларга кеңири талдоолор аркылуу акындын граждандык темадагы ырларынын индивидуалдуу көркөм касиеттери, атап айтканда поэтикалык ойду берүүдөгү предметтүүлүгү жана конкреттүүлүгү каралды.

Экинчи глава «С.Жусуевдин поэмаларынын көркөмдүк бөтөнчөлүктөрү» деп аталып, анда акындын 60-90-жылдардагы поэмаларынын идеялык-тематикалык эволюциясы салыштыруу жолу менен изилденди.

Жыйынтыгында С.Жусуевдин кыргыз адабиятында алган орду аныкталып, анын лирика жана поэмалары аркылуу өзүнүн акындык чебердигин көрсөтө алгандыгы белгиленди.

## Аннотация

на кандидатскую диссертацию К.Жумакадыровой на тему: «Поэтические исследования С.Жусуева» по специальности 10.01.01-кыргызская литература

В работе впервые предпринята попытка системного изучения поэзии С.Жусуева, а также определения вклада поэта в развитие национальной литературы.

Первая глава называется «Идейно-художественные особенности лирики С.Жусуева», где ведется речь о становлении индивидуального творческого почерка поэта, его идейно-художественные особенности. Посредством обстоятельного анализа исследуется поэтика его произведений на гражданскую тему, в частности выявляется также его свойство как предметность и конкретность передачи поэтической мысли.

Во второй главе- «Художественные особенности поэм С.Жусуева» путём сопостовительного анализа прослеживается идейно-тематическая эволюция его поэм 60-90-х годов.

В итоге, посредством лирики и поэм, было показано поэтическое мастерство С.Жусуева и его место в кыргызской литературе.

Annotation

to the doctoral dissertation by K.Jumakadyroba on a theme

"Tne poetical researchings S.Jusuev"

on a specialty 10.01.01– Kyrqyz Literature.

Asystematical study of his poems and the importance of making distribution to the development of the National literature have been attempted for the first time. The first chapter of the dissertation is under the title "Ideological and thematic meaning of the author's lyrics", where it is described the formation of his creative works and artistic features.

After analyzing and learning his works it is found out an individual artistic feature on war theme and considered subjective and concrete transmission of poetic thoughts.

In the second chapter, titled as artistic peculiarities of Jusuev's poems, by way of comparative analysis, an ideological thematic evolution of his poems of 60-90s were found out.

In a conclusion S. Jusuev with the help of his lyrics and poems showed his poetical mastering and furthermore the role and place of a poet in the Kyrqyz Literature has been defined.

Формат 60/84 1/16.

Офсеттик кагаз. Көлөмү 1,8 б.к.

Тираж 100 экз.

Ж.Баласагын атындагы КУУнун басмаканасында басылды

Бишкек ш., Манас пр., 101